**КР УИАнын Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Жусуп Баласагын атындагы кыргыз улуттук университети жана Кусейин Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча Д.10.23.667 диссертациялык кеңештин эксперти филология илимдеринин доктору Калчекеев Кубанычбек Бекболотовичтин 10.01.09. фольклористика адистиги боюнча Бекболотов Акынбек Улашбековичтин филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Манас үчилтигиндеги элдик ынаным-ишенимдер, ырым-жырымдар жана алардын идеялык-көркөмдүк функциясы" деген темадагы диссертациясына**

# КОРУТУНДУУСУ

Эксперт филология илимдеринин доктору Калчекеев Кубанычбек Бекболотович изденүүчү Бекболотов Акынбек Улашбековичтин "Манас" үчилтигиндеги элдик ынаным-ишенимдер, ырым-жырымдар жана алардын идеялык-көркөмдүк функциясы" деген 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын карап чыгып төмөндөгүдөй чечимге келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште 10.01.09 – фольклористика адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү "Манас" үчилтигиндеги ынаным-ишенимдер менен ырым-жырымдардын идеялык-көркөмдүк функциясы тууралуу проблемага изилдөө жүргүзүлөт.

**2.Иштин максаты** - "Манас" үчилтигиндеги элдик ишеним, жөрөлгөлөрдүн идеялык- көркөмдүк функциясын изилдөө болуп эсептелет.

Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:

1."Манас" үчилтигиндеги элдик ынаным-ишеним жана ырым-жөрөлгөлөрдү изилдөөлөрдүн тарыхый тамырына жана теориялык-методологиялык негиздерине сереп салуу;

2.Ынаным-ишенимдерди жана ырым-жөрөлгөлөрдү бөлүштүрүүдө багыт алуу максатында эл оозеки чыгармачылыктын түрлүү жанрындагы ырым-жөрөлгө элементтерине сереп салуу;

3.Салыштыруу ирээтинде же айрым бир толуктоолорду киргизүү максатында негизги классикалык варианттар С.Орозбаков, С.Каралаевден сырткары башка варианттарды да кароо;

4.С.Орозбаков, С.Каралаевдин "Манас" үчилтигинде кездешкен байыркы ынаным-ишенимден тамыр алган ырым-жөрөлгөнүн диндердин таасири астында бүгүнкү күнгө чейинки өзгөрүүлөрүнүн жана айрымдарынын учурда унутулуп,



ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ им. Ч. АЙТМАТОВА
НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 69/04-8
« 17 » 03 2025 г.

же жарым-жартылай сакталып, же такыр жок болуп кетишинин объективдүү жагдайларына обзор жүргүзүү;

5. С.Орозбаков, С.Каралаевдин "Манас" үчилтигиндеги кездешкен байыркы ынаным-ишенимден тамыр алган ырым-жөрөлгөлөрдүн баланын төрөлүшүндө, баланын өсүшүндө кандай идеялык-көркөмдүк функция аткарары тууралуу маселелерге тарыхый-этнографиялык аспектиден баа берилет;

6. Борбор Азия калктары, анын ичинде кыргыз элинин байыркы ынаным-ишенимден тамыр алган ырым-жөрөлгөнүн түпкү маани-маңызын мифологиялык генезизине сереп салып, аңыз кептердеги семантикасын чечмелөө жана анын эпостордогу мотивдерине салыштырып, айырмачылыктары менен окшоштуктарын типологиялык ыкмада талдап-жиктөө;

7. Эпостордогу баатырларды акыретке узатууда жерге жашыруун берилиши жана майдан талаасында каза болгон баатырлардын сөөктөрүн өз журтуна алып келип жерге берүүнүн ынаным-ишенимдерине жана салттык жөрөлгөлөрүнө сереп салуу"(10-б.).

Акынбек Бекболотовдун "Манас" үчилтигинин элдик ынаным-ишеним, ырым-жырымдар жана алардын идеялык – көркөмдүк функциясы" деген аталыштагы диссертациясын азыркы күндөгү фольклортаануу илиминде эң актуалдуу тема деп эсептеймин. Себеби, диссертациядагы көтөрүлгөн маселелер мезгил талабына шайкеш келет.

1. КР УИАнын Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабияты институтунун илим изилдөө талаптарына жана ЖОЖдордун окуу программаларынын критерийлерине дал келет.

2. Диссертациядагы главалар, структура, параграфтар мазмуну жагынан логикалык ырааттуулукта түзүлгөн.

3. Илимий иштин киришүүдөгү коюлган максаттары, милдеттери, жоболор абдан так белгиленип, УАКтын учурдагы талаптарына ылайык жазылган.

4. Ал эми корутундудагы главалардан, параграфтардан аныкталган жыйынтыктары, ишенимдүү тыянактары диссертанттын илимий иштеги көздөгөн максатын, өз алдына койгон милдеттеринин так, орундуу аткарылышын бекемдеп, туюндуруп көрсөтө алат.

5. Диссертациялык иштин мазмунун жана маңызын чагылдырган мамлекеттик жана расмий тилде даярдалган авторефераттын, диссертациянын текстериндеги айрым бир грамматикалык, стилдик орфографиялык мүчүлүштүктөрдү эске албаганда илимий иш талапка ылайык аткарылган жана эки тилдеги текст бири-бирине дал келет.

**3. Илимий натыйжалар.**

"Манас" эпосундагы жашоо циклине байланыштуу элдик ынаным-ишенимдер жана ырым-жөрөлгөлөрдүн идеялык, көркөмдүк өзгөчөлүгү" аттуу бап эки бөлүмдөн туруп, бул бапта "Манас" эпосундагы элдик ынаным-ишенимдердин, ырым жырымдардын изилдениш тарыхы, элдик оозеки чыгармалардын ар түрдүү жанрларындагы ырым-жөрөлгөлөрдүн классификациялоонун тарыхы талданган. Негизи, кыргыз элдик ынаным-

ишенимдер жана ырым-жырымдар, жөрөлгөлөр "Манас" эпосунун обьектисинде Ч.Валиханов, В.Радловдор жазып алган тексттерден улам колго алынганы белгилүү. Андыктан, "Манас" эпосунун XVIII-XI-X-кылымдагы жазылып алынган үзүндүлөрү ошол доорлордогу кыргыз элинин диний, мифтик ой жүгүртүүлөрү, каада салттары, дүйнөгө болгон эстетикалык-философиялык көз караштары, ырым-жөрөлгөлөрү Манастын классикалык варианттары менен салыштырып изилдөө фольклористика илими үчүн өтө маанилүү.

"Манас" үчилтигинин фольклордук-этнографиялык материалдардын негизинде ырым-жөрөлгө элементтеринин илимде изилдениш тарыхы" аталышындагы параграфта С.Б. Абрамзон, С.Е.Малов, Б.Солтоноев, И.Молдобаев, Р.З.Кыдырбаева, Р.Сарыпбеков, Э.Абдылдаев, Ш.Акмолдоевалардын ырым-жөрөлгө жөнүндөгү эмгектериндеги ой-пикирлерине таянып, диссертант көөнө мифологиялык ишенимдер боюнча көп кырдуу талдоолорду, тыянактарды чыгаруу менен далилдүү ой-пикир жараткан.

Кыргыз Манастаануу илимин түптөгөн окумуштуулардын башында турган залкар окумуштуулардын бири Р.З. Кыдырбаеванын ("Эпос Манас, Генезис, поэтика, Сказительство" (1996); "В начале было слово" (2013) монографияларындагы изилдөөлөрдө, мурунку доорлордогу калмак, ойрот мезгилиндеги саясий-социалдык, тарыхый окуялар Манастын "тарыхый баатырдык" эпос болуп калыптанылышына негиз түзгөнү, эпостогу Умай эне, Теңир, жер-суу, жаратылыштын культ түшүнүктөрү байыркы кыргыз элинин байыркы ишенимин ырастап турганын да, изилдөөчү жеке көз карашы аркылуу чечмелеп берет.

Р.З.Кыдырбаеванын "В начале было слово" деген монографиясында "Манас" эпосунун сюжеттик нугуна исламдык мотивдердин сиңип калышына ошол доордогу тарыхый кырдаал себепкер болсо, күпүлдөтүп Манас айткан Манасчылар да, эпизоддорго ислам ишенимдерин киргизгендигин көп кырдуу талдоолор аркылуу бекемделгенин диссертант илимий ишинде өзгөчө бөлүп көрсөтөт. "Элдик оозеки чыгармачылыктын түрдүү жанрындагы ырым-жөрөлгө элементтерин классификациялоо тарыхынан" деп аталган параграфта болсо кыргыз фольклорунун алгачкы классификациясынан баштап, казак, орус, кытайлык кыргыздардын бөлүштүрүүлөрүнө чейин салыштырып тактап, бул маселе боюнча өзүнүн жеке ой-пикирин билдирген. Аталган илимий иште "Манас" эпосундагы чагылдырылган доор, мезгил, сюжеттерде кездешкен ырым-жөрөлгө элементтерин классификациялоо оңой-олтоң иш эмес. Ошол себептен кыргыз фольклорунун эпикалык, лирикалык, көркөм өнөр классификацияларынын тарыхына кайрылууга туура келген. Кыргыз фольклорунун тарыхында кыргыз оозеки адабият тексттерин классификациялоонун башаты Кайым Мифтаковго таандык (1922). Т.Рахматулин, М.Богданова, Т.Саманчин, Т.Байжиев, З.Бектенов (1947), А.Тайгүрөңов (1948) С.Мусаев (1956), Ж.Таштемиров (1974). С.Закиров (1996), М.Мамыров (1997), Т.Танаев (1998), К.Ибраимов (2016), А.Акматалиев (2015) сыяктуу окумуштуулардын элдик чыгармаларды бөлүштүргөн эмгектерин жетекчиликке алып андан башка да казак, кытайлык кыргыздардын, орус элинин

фольклору менен салыштыруу аркылуу изилдөөчү ырым-жөрөлгө, ынаным-ишенимдердин класификациясын түзүүнү колго алган. Анда эпикалык чыгармалардын сюжетине мүнөздүү үй-бүлөлүк ырым-жөрөлгө, ынаным-ишенимдердин окшоштуктары жана жалпылыктары тизмектелген:

1. Баланын төрөлүшү, бой жетишине байланыштуу ырым-жөрөлгөлөр.
2. Үйлөнүү той ырым-жөрөлгөсү.
3. Акыретке узатуу ырым-жөрөлгөсү.

"Манас" эпосунун сюжетиндеги тогуздап, жүздөп, мал берүү, болочок баатыр жарык дүйнөгө келгенде оозуна май томоруп салуу, ата-бабалардын арбагына багыштап курмандык чалуу, сыяктуу ырым-жөрөлгөлөр көптөгөн ритуалдардын бириктирилген бир формасы катары көрүнүшү мүмкүн. Диссертант жогорудагы магиялык ритуалдардын этикалык жанрлардагы сиңкреттешкен формаларын аныктаганга аракет жасаган.

Илимий иштин экинчи главасы "Манас" эпосунда чагылдырылган үй-бүлөлүк ырым-жөрөлгө жана ынаным-ишенимдерди изилдөө этаптары" деп аталып, эки праграфтан турат. Ырым-жөрөлгө жана ынаным-ишенимдердин обьектиси, предмети, методологиясы жана болочок баатырдын төрөлүп эр жетишине чейинки мезгилдердеги ырым-жөрөлгө, ынаным-ишенимдердин "Манас" эпосунда чагылдырылышынын урунттуу учурлары көп кырдуу жеткиликтүү мисалдар аркылуу талданат.Мында ынаным-ишенимдердин жана ырым-жырымдардын архаикасын: мифологиялык, тарыхый доор, соңку ислам катмарына бөлүп изилдегени архаикалык-мифологиялык, диндик түшүнүктөрдүн синтездешип отуруп калктын калың катмарына сиңгенин аныктап турат. "Манас" эпосунун Сагынбай Орозбаков, Саякбай Каралаевден жазылып алынган варианттары изилдөөнүн обьектисин түзөт.

Мындан башка да, Тоголок Молдо, Мамбет Чокморов, Шапак Рысмендеев, Багыш Сазанов, Шаабай Азизов сыятуу манасчылардын варианттарындагы ырым-жөрөлгөлөрдүн көркөм кызматы да, илимий жактан талдоого алынган.

Изилдөөнүн предмети – "Манас" эпосундагы элдик ынаным-ишенимдерден калыптанган ырым-жөрөлгөнүн көркөм чагылдырылышынан, этнографиялык булактарда улуттун маданий көрөңгүсү катары көрүнүшүнөн, эпикалык доорлордогу ырым-жырым, жөрөлгөлөрдүн кыргыз элинин учурдагы турмуштук социалдык абалынын колдонулушунан көрүнөт.

Изилдөөнүн методдору – "Манас" эпосунун С.Каралаевдин, С.Орозбаковдун вариантарындагы, ошондой эле Тоголок Молдо, М.Чокморов, Ш.Рысмендеев, Ш.Азизовдор өңдүү көрүнүктүү манасчылардын айтуусундагы сюжеттерди фольклордук-этнографиялык, салыштырма-типологиялык багытта системдүү түрдө талдоо, изилдөө методдору аркылуу аткарылган.

Изилдөөнүн жаңылыгы – Саякбай Каралаевдин, Сагынбай Орозбаковдун варианттарындагы "Манас" эпосундагы ынаным-ишенимдердин жана ырым-жөрөлгө көркөм жаратылышынан, көп кырдуу анализ жасалышынан, ырым-жөрөлгөнүн түпкү генезисинен, байыркы мифтик ынанымдардын көркөм чечмеленишинен, ачык-айкын көрүнөт.

"Баланын төрөлүп өсүшүнө байланышкан ырым-жөрөлгө жана ынаным-ишенимдердин "Манас" эпосунда чагылдырылышы" аталышындагы парграфта Саякбай Каралаевдин, Сагынбай Орозбаковдун вариантарындагы ынаным-ишенимдердин жана ырым-жырымдардын көркөм чагылдырылышы жакшы талдоого алынган. Мындан башка да, Шапак Рысмендеев, Шаабай Азизов, Мамбет Чокморов, Багыш Сазанов, Тоголок Молдолордун кенже эпосторундагы урунтуу бөлүмдөрүнөн классикалык варианттарга сый-урмат көрсөтүү, өңдүү ырым-жөрөлгөлөр сыпатталган.

"Манас" эпосундагы үйлөнүү ырым-жөрөлгөлөрү жана ынанымдуу ишенимдердин поэтикасы" деген параграфта: Каныкейди сыноо, калың берүү ж.б.у.с. ырым-жөрөлгөлөр классикалык варианттардын сюжеттик нугу менен кенже эпостордун салт-санааны салыштырып сыпаттоо, мүнөздөө ыкмалары аркылуу талданган. Ал эми "Манас" эпосундагы Акыретке узатуудагы Манас баатырдын жерге берилишинин себептери жана ырым-жөрөлгөлөрү" аталышындагы бөлүмдө сөөктү акыркы сапарга узатуунун жол-жоболору, конкреттүү мисалдар аркылуу изилденип, салыштырылып сыпатталган.

- Совет доорунда кыргыз элинин улуттук каада-салттары, ырым-жырымдары, ынаным-ишенимдерин турмушта, күндөлүк тиричиликте колдонууга тыюу салынган болчу. Ошондуктан, "Манас" эпосундагы элдик каада-салт, ырым-жөрөлгөлөрдү Кыргызстан эгемендүүлүккө жеткенден кийин колго алды. Совет мезгилинде С.М. Абрамзон, С.Е. Малов, кыргыз окумуштууларынан Б. Солтоноев, Д. Баялиева, И. Молдобаев, Р.З. Кыдырбаева, М. Мамыров, Э. Абдылдаев, Р.Сарыпбеков, Ш. Акмолдоева өңдүү окумуштуулар ар кандай социалисттик идеологияга крабай өздөрүнүн таасирдүү илимий, эмгектерин жазышты.

Эгемендүүлүк мезгилде Р.З.Кыдырбаева, Р.Сарыпбеков, Б.Кебекова, А.Акматалиев, К.Абакиров, Р.Орозова, К.Калчекеев, А.Мурзахметов, К.Ибраимов, Н.Нарынбаева, Ж.Орозобекова, Г.Жамгырчиева, Н.Бекмухамбетова, З.Кулбаракова, А.Сабыр уулунун эмгектеринде өз обьектилерине жараша илимий эмгектерин жарыялашты.

- Кыргыз фольклорунда ырым-жөрөлгө элементтерин классификациялоо азыркы күнгө чейин такталып бүтө элек болсо да, диссертанттын буга чейинки бөлүштүрүүлөргө таянып жаңы өзүнчө бир бөлүштүрүүнү сунуштаганы өзүнчө жаңылык.

- Каада-салт, кыргыздардын үрп-адаты, ырым-жырым, жөрөлгөнүн баары кыргыз элинин байыркы доорлордон, Енесай жазууларынан келаткан мурасы, байлыгы. "Манас" эпосунун С.Орозбаков, С.Каралаевдин варианттарындагы ырым-жөрөлгө, каада-салттардын көркөм чагылдырылышында дүйнө таануу, диний-ишенимдер элдик педагогика, элдик этика, элдик эстетика, элдик философия кыргызтаануу, элдик медицина жатат.

- Манастаануу илиминдеги С.Каралаевдин, С.Орозбаковдун жана Багыш Сазанов, Мамбет Чокморов, Тоголок Молдо, Шаабай Азизов, Шапак Рысмендеевдердин айтуусундагы варианттардын сюжеттериндеги эпикалык жанрлардагы ырым-жөрөлгө, ынаным-ишенимдерди иликтеп фольклордук-

этнографиялык тарыхый-этнографиялык, салыштырма-типологиялык жана поэтикалык жактан талдоо жүргүзүүнү өз алдына максат кылганы диссертанттын ийгилиги деп эсептеймин.

4. **Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Кандидаттык диссертация "Манас" эпосун мындан ары да терендеп изилдөөдө, жогорку окуу жайлары менен орто мектептерде "Манас" таануу" сабагын окутууда, окуу куралдарын даярдоодо жана дипломдук, курстук иштерди аткарууда олуттуу көмөк берет.

Диссертациялык иштин материалдары боюнча Кыргызстандын илимий журналдарында 10, РИНЦ системасында 3 илимий макала жарык көргөн, эл арлык илимий-практикалык конференцияларда 2 баяндама жасалган. Тема боюнча жарык көргөн эмгектердин көлөмү 8 басма табак.

1. "Манас" эпосунда элдик ишенимердин жана ырым-жырымдардын колдонулушу жана максаты. Маданият аралык байланыштар жана компаравистика. Атайын чыгарылыш. – 2014-жыл. – 237-244-беттер. – УДК 930.85. – ББК 60.55. – М 13
2. «"Манас" эпосундагы ырымдалып коюлган адам аттары». Тил, адабият жана искуство маселелери. Атайын чыгарылыш. – 2014. – 197-203-беттер. ISBN 1694-6316
3. "Манас баатырдын Каныкейге үйлөнүшүндөгү кездешкен элдик ишенимдер жана ырым жырымдар.(С. Орозбаков, С. Каралаев, Ш. Рысмендеев, Ш. Азизовдун варианттарында). "ALATOO ACADEMIC STUDIES" – №2. – 2015. – 70-75-беттер. ISSN 169-5263
4. "Манас" эпосундагы акыретке узатуу ырымдары. "Манастан чыңгыз айтматовго карай проблемалар жана көз караштар". – 2016 – 102-107-беттер. ISBN 1694-6316
5. "Манас" баатырдын төрөлүшүндө кезиккен ырымдар жана ишенимдер. (Саякбай Каралаевдин варианты боюнча) "ALATOO ACADEMIC STUDIES" – №3. – 2016. – 170-176-беттер. ISSN: 1694-5263
6. "Манас" баатырдын төрөлүшүндө кезиккен ырымдар. (Ш. Азизов, Ш. Рысмендиев, С. Каралаев). макала Ч. Айтматов окуулары. – 2016. – 399-404-беттер. УДК 821.51. – ББК 84 Ки 7-5. – А 85
7. «Манас» эпосундагы акыретке узатуу ырым-жырымары жана ынаным ишенимдери. Alatoo Academic Studies. – 2023. - №3. – 213-225-беттер. ISSN: 1694-5263 (печатная версия) ISSN: 1694-7916 (электронная версия) IF-0,421 (5 жылдык)
8. Народные поверья и обряды в свадебной традиции кыргызов и алтайцев. Международный журнал гуманитарных и естественных наук. - № 9-2 (84). – 2023. – 7-11-стр. ISSN 2500-1000 (print) ISSN 2500-1086 (online) IF-0,274.

9. Ритуалы, связынные с родами в эпосе "Манас". Международный журнал гуманитарных и естественных наук. МЕЖДУНАРОДНЫЙ ЖУРНАЛ гуманитарных и естественных наук No 12-4 (99), декабрь 2024 г. 26-32с.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат талапка ылайык жазылган жана диссертациялык иштин мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине толугу менен дал келет.

**6. Айрым мүчүлүштүктөр.**

- Илимий иштин биринчи бабынын биринчи параграфында фольклордук этнографиялык материалдар негизинде ырым-жөрөлгө элементтеринин илимде изилдениш тарыхы жөнүндө мурунку илимий изилдөөлөргө обзор берүү, маалымат берүү менен чектелип, аларга карата диссертанттын жеке пикири так берилбей калгандыгы.
- Иште айрым стилден жана терүүдөн кеткен каталар кездешет. Бул каталар диссертациянын жалпы мазмунуна, деңгээлине кедергисин тийгизе албайт.

**7. Сунуштар. Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.** Диссертациялык кеңештин эксперти кандидаттык диссертация боюнча жетектөөчү уюм катары 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча илимий адистиги бар Ош мамлекеттик университетинин Кыргыз адабияты кафедрасын бекитүүнү сунуш кылат.

**Биринчи расмий оппонент катары** изилдөөнүн проблемасына жана объектилерине жакын эмгектери бар: Байгазиев. С. Кыргыздын этикалык жана этнопедагогикалык асылнаркатары. [Текст] Байгазиев С. – Бишкек, – 2019. – 350 б. Байгазиев С. «Манас» эпосунун педагогикасы. [Текст] Байгазиев С. – Бишкек, 2021. – 370 б. Байгазиев С. "Манас" эпосунун руханий, идеялык – даанышмандык, адептик-ыймандык жана жарандыкпатриоттук нарктары. [Текст] Байгазиев С. – Бишкек, Алтын принт – 2022. – 345 б. Байгазиев С. Манастаануу – ЖОЖдор үчүн окуу китеби. [Текст] Байгазиев С. – Бишкек, 2022. – 400 б. Байгазиев С. Улутубуздун унгулуу нарктары. [Текст] Байгазиев С. – Бишкек, – 2023. – 380 б. – филология илимдеринин доктору, Ардактуу профессор **Байгазиев Советбек Орозкановичти** (авторефераты боюнча – 10.01.09) сунуштайт.

**Экинчи расмий оппонент катары** изилдөөнүн проблемасына жана объектилерине жакын эмгектери бар: Кыргыздардын үйлөнүү салтындагы "Кыз оюну" драмалык-театралдык этномаданиятынын кубулушу катары [Текст] // Н.Жумашова; М.Сулайманкулова. // Вестник КЫргызского государственного университета строительства, транспорта и архитектуры им.Н.Исанова. -2020. -№1(67); Отражение морально-нравственных проблем в эпосе "Манас" [Текст] // Н.Жумашова. // Вестник Российская Федерация зарубежных страны -2020. -№25(103); Отражение морально-нравственных проблем в эпосе "Манас" [Текст] // Н.Жумашова. // Вестник Российская Федерация зарубежных страны -2020. -

№25(103); Роль монологов в эпосе “Семетей”. [Текст] // Толубаева Ч., Жумашова Н. // “Бюллетень науки и практики” Т.8. №12 декабрь, 2022; М. Токобаевдин “Кайгылуу Какей” пьесасындагы элдик оозеки чыгармачылыгы драмалык салттары [Текст] // Н.Жумашова, М.Сулайманкулова. // Вестник Кыргызского государственного университета строительства, транспорта и архитектуры им.Н.Исанова. -2023. -№2 (66) – филология илимдеринин кандидаты, доцент **Жумашева Назира Асанкадыровнаны** (авторефераты боюнча – 10.01.09) сунуштайт.

**8. Сунуштамалар:**

1. Диссертацияны монографиялык эмгек катары жарыкка чыгаруу;
2. “Манас” үчилтигиндеги ынаным-ишенимдер менен ырым-жырымдардын көркөм текстин толуктап чыгарса болот.

**9. Корутунду:** Бекболотов Акынбек Улашбековичтин 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши бул багыттагы илимий иштерге коюлуучу талаптарга толук жооп берет.

**10.** Диссертациялык кеңештин эксперти катары сунуш кылынган документтерди карап чыгып, Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият иниститутуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук унивеситетине жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу Д 10.23.667 диссертациялык кеңешине 10.01.09-фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кадидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн “Манас” үчилтигиндеги ынаным-ишенимдер, ырым-жырымдар жана алардын көркөмдүк-идеялык функциясы” деген темадагы диссертацияны кабыл алууну сунуш кылам.

Эксперттик кеңештин мүчөсү,
ф.и.д. К.Б.Калчекеев

*Эксперттик топтун мүчөсүнүн колун тастыктайм*

Диссертациялык кеңештин окумуштуу
катчысы, ф.и.к. Н. Ыйсаева